**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН**
**АНЫКТАМАСЫ**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
«Бүтүн Кыргызстан» парламенттик фракциясынын лидери
Адахан Кимсанбаевич Мадумаровдун кайрылуусун өндүрүшкө
кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө

2023-жылдын 19-январы Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын төмөнкү курамы: Ч.А. Айдарбекова, К.Дж. Кыдырбаев, Л.Ч. Жолдошева катчы А.Т. Таалайбековдун катышуусу менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Бүтүн Кыргызстан» парламенттик фракциясынын лидери А.К. Мадумаровдун кайрылуусун карап чыгып, төмөнкүлөрдү

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2022-жылдын 22-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Бүтүн Кыргызстан» парламенттик фракциясынын лидери А.К. Мадумаровдун Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы № 284 «Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө» жана 2022-жылдын 28-сентябрындагы № 328 «Кыргыз Республикасынын Президентинин Элдик Курултайды өткөрүү маселелери боюнча айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» жарлыктарын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесине, 7-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө сунуштамасы келип түшкөн.

Сунуштамадан келип чыккандай, Конституциянын 4-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийлик мыйзам чыгаруу,

аткаруу, сот бутактарына бөлүнүшү, алардын өз ара ырааттуу иштөөсү жана аракеттенүүсү, ошондой эле мамлекеттик органдардын ыйгарым укуктарынын жана функцияларынын ажыратылышы тууралуу принциптерге негизделет. Ал эми анын 7-беренесинин 2-бөлүгүндө Элдик Курултайды уюштуруу жана анын ишинин тартиби Конституция жана конституциялык мыйзам менен аныкталат деп белгиленген.

Сунуштаманын авторунун пикиринде, бийликти бөлүштүрүүсүз жана тиешелүү эффективдүү токтотуп туруу жана каршы салмак тутуму болмоюнча, укуктук мамлекет жана мыйзамдар болушу мүмкүн эмес. Мыйзам жана конституциялык принциптер менен байланышпаган кандайдыр бир чексиз бийликтин пайда болушуна тоскоолдук катары мамлекеттик органдардын ортосунда алардын бири да бүтүндөй мамлекеттик бийликке толук көлөмдө ээ болбой тургандай кылып бөлүштүрүү болуп саналат.

А.К. Мадумаров конституциялык мыйзам менен жол-жоболоштурууга тийиш болгон Элдик Курултайды уюштуруу жана анын ишинин тартиби Президенттин тиешелүү Жарлыгы менен бекитилиши Конституция менен бекитилген бийликти бөлүштүрүү системасына кийлигишүү болуп саналат жана Кыргызстандын элинин мамлекеттин жана коомдун иштерин башкарууга анык жеткиликтүүлүктү кепилдеген конституциялык орнотмолорду ишке ашырууга күмөн жаратат деп эсептейт.

Элдик Курултайдын макамы Конституцияда бекитилген жана бул органды мыйзамдаштыруу конституциялык мыйзамды кабыл алуу жолу менен камсыздалууга тийиш болгонуна карабастан, Президенттин Жарлыгы менен Элдик Курултай жөнүндө убактылуу жобо бекитилген. Аталган жобого ылайык Бишкек шаарында 2022-жылдын 26-ноябрында 1072 делегаттан турган Биринчи Элдик Курултай өткөрүлгөн.

Арыз ээси Элдик Курултайды мыйзамсыз чакыруу бул органдын ишин уюштуруу, анын ыйгарым укуктарынын жана аракеттеринин жүзөгө ашырылышы, резолюциясынын кабыл алынышы – бардыгы мыйзамсыз делген терс кесепеттерге алып келди деп белгилейт. Бул өз кезегинде мамлекеттик маанидеги маселелер боюнча чечимдерди кабыл алууга жана

талкуулоого бардык жарандардын катышуусун камсыз кылуу үчүн түзүлгөн өкүлчүлүктүү органдын маанилүүлүгүн жоготууга алып келет.

Ушуга байланыштуу, А.К. Мадумаров талашылып жаткан Кыргыз Республикасынын Президентинин тиешелүү жарлыктарын конституциялуу эмес деп таанууну суранууда.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 2-бөлүгүнүн негизинде текшерүү жүргүзгөн судья Ч.А. Айдарбекованын маалыматын угуп, төмөнкү тыянакка келди.

Судьялар коллегиясы кайрылууну кабыл алуу же кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө маселени чечүүдө, кайрылууда коюлган маселелердин конституциялык сот өндүрүшүнө жол берилгендигине жана кайрылуунун «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келүүсүнө таянат. Белгиленген конституциялык Мыйзам менен конституциялык контролдоо органынын ыйгарым укуктарынын чөйрөсү, кайрылуунун формасына жана мазмунуна коюлган талаптар белгиленип, Конституциялык соттун алдында конституциялык сот өндүрүшүнүн алкагында чечилүүгө тийиш болгон айрым маселелерди коюуга укугу бар субъекттердин тиешелүү тизмеси аныкталган.

Ар бир кайрылуу субъектиси Конституциянын ченемдерин чечмелөөгө байланышкан укуктук маселени Конституциялык соттун алдына коюу үчүн ага кайрылуу боюнча өзүнүн укуктарынын көлөмүнө ээ. Ошол себептүү Конституциялык соттун ар кандай ыйгарым укуктары боюнча Конституциялык сотко кайрылуу субъекттеринин тизмеси айырмаланат жана ал конституциялык сот өндүрүшүн толук жана натыйжалуу жүргүзүүдө чоң мааниге ээ.

Келтирилген документтерден Мадумаров А.К. парламенттик фракциянын лидери катары Конституциялык сотко сунуштама киргизген, бирок конституциялык контролдоо органына кайрылуу боюнча парламенттик фракциянын чечимин келтирбегени көрүнөт.

“Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 10-беренесине ылайык, парламенттик фракция – саясий партиянын тизмеси боюнча жана бир мандаттуу шайлоо округу боюнча шайланган Жогорку Кеңештин депутаттарынын бирикмеси болуп саналат; анын түзүлгөнү, аталышы, тизмедеги курамы, фракциянын лидеринин жана башка жетекчилеринин фамилиялары жөнүндө Жогорку Кеңештин жыйналышында жарыяланган учурдан тартып расмий статуска ээ болот; фракция жөнүндө жобонун негизинде аракеттенет; Жогорку Кеңеште карала турган маселелер боюнча өзүнүн саясий позициясын аныктоо үчүн алдын ала карайт, аларды кароонун натыйжалары боюнча фракция мүчөлөрү аткарууга милдеттүү болгон чечимдерди кабыл алат.

Ушуга байланыштуу, кайрылуу менен бирге Конституциялык соттун алдына Президенттин талашылып жаткан жарлыктарынан келип чыккан укуктук маселени коюуга парламенттик фракциянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн эркин күбөлөндүргөн жазуу жүзүндөгү документтердин келтирилбегендигине байланыштуу, кайрылуу субъектиси парламенттик фракция катары аныкталышы мүмкүн эмес.

Аны менен бирге, эгерде А.К. Мадумаровду жеке жак катары кайрылуу субъектиси деп каралса, анда анын кайрылуусунун мазмунунда ал койгон маселе боюнча анын позициясы жана адамдын негизги укуктарын жана эркиндиктерин жөнгө салган Конституциянын ченемдерине шилтеме жасалган укуктук негиздемеси камтылган эмес. Башкача айтканда, кайрылуу субъектиси Президенттин талашылып жаткан жарлыктары менен Конституцияда кепилденген адамдын кайсы укуктары жана эркиндиктери бузулуп жаткандыгы боюнча укуктук аргументтерди келтирген эмес. Бул талап жеке жана юридикалык жактар сыяктуу кайрылуу субъекттери үчүн конституциялык сот өндүрүшүнө кайрылууга жол берилгендигинин маанилүү шарты болуп саналат.

«Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 3-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарына

ылайык, эгерде кайрылуу формасы жана мазмуну боюнча аталган конституциялык Мыйзамдын талаптарына ылайык келбесе жана кайрылуу тиешелүү эмес органдан же жактан (субъекттен) келип түшсө, коллегия кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартат.

Жогоруда аталган тыянактардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 2-бөлүгүн, 3-бөлүгүнүн 1, 2-пункттарын жана 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясы

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин «Бүтүн Кыргызстан» парламенттик фракциясынын лидери Адахан Кимсанбаевич Мадумаровдун кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартылсын.

2. Сунуштама жана ага тиркелген материалдар арыз ээсине кайтарылып берилсин.

3. Аныктама тараптар жагынан үч айдын ичинде Конституциялык сотко даттанылышы мүмкүн.

Судьялар коллегиясы: Ч.А. Айдарбекова
К. Дж. Кыдырбаев
Л.Ч. Жолдошева

№ _____